## ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

## ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ

## TEACHING TECHNOLOGY

***Токтомаметов А.Д.***
***к.п.н. Кыргызской Академии Образовании***

# БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ – МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮН БАШАТЫ

# НАЧАЛЬНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ – ИСТОКИ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ

***Toktomametov A.D.***

# THE PRIMARY EDUCATION- SOURCE OF STATEHOOD

***Аннотация:*** *Макалада башталгыч билим берүүнүн коомдогу орду, анын мааниси жана кийинки кездеги мазмунунун өзгөрүшү, республикабызда башталгыч билим берүү жаатында болуп жаткан жаңылыктар жана алгылыктуу иштер тууралуу баяндалат. Башталгыч билим берүүнүн абалы мамлекеттер боюнча салыштырылып сунушталат, өлкөбүздөгү базистик окуу планына, андагы окуу предметтерине, окуу жүктөмүнө талдоо жасалат. Башталгыч билим берүүдөгү учурдагы көйгөйлөр талкууланат, ошондой эле мындан ары абалды жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштар берилет.*

***Аннотация:*** *В статье раскрываются место, роль, значение начального образования и изменения в его содержании, а также новшества и положительные сдвиги, которые происходят в республике в области начального образования. Делается сравнительный анализ по государствам на общее положение начального образования, базисные учебные планы, учебные предметы и учебные нагрузки. В статье отражены проблемы, которые происходят в данное время в начальном образовании, а также предлагаются конкретные пути улучшения положения в начальном образовании.*

***Annotation:*** *The article describes the place, role, importance of primary education and the changes in its content, as well as innovations and improvements that are taking place in the country in the field of primary education. Made a comparative analysis on the states on the general situation of primary education, basic education plan, school subjects and teaching load. The article describes the problems that occur at this time in primary education, and suggests concrete ways to improve the situation in primary education.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *башталгыч билим берүү, базистик окуу планы, окуу жүктөмү, билим берүү чөйрөлөрү, мугалимдердин билимин өркүндөтүү, окуу предмети, компетенттүүлүк.*

***Ключевые слова:*** *начальное образование, базисный учебный план, учебная нагрузка, образовательные области, повышение квалификации учителей, учебный предмет, компетентность.*

***Key words:*** *primary education, basic education plan, teaching load, educational area, teacher professional development, school subject, competence.*

Макала төмөнкүдөй түзүмдөн турат:
1. Киришүү же башталгыч билим берүүнүн коомдогу орду, мааниси жана анын мазмунунун өзгөрүшү
2. Республикада башталгыч билим берүү жаатында болуп жаткан жаңылыктар жана алгылыктуу иштер
3. Башталгыч билим берүүдөгү көйгөйлөр
4. Абалды жакшыртуу боюнча сунуштар
5. Корутунду

### 1. Киришүү же башталгыч билим берүүнүн коомдогу орду, мааниси жана анын мазмунунун өзгөрүшү

Коом өнүккөн сайын дүйнөлүк коомчулуктун башталгыч билим берүүгө болгон мамилеси да өзгөрүүдө. Анткени бул куракта баланын тил жана математика боюнча сабаты гана жоюлбастан, анын айлана-чөйрөгө болгон көз карашы калыптана баштайт, табигый илимдер боюнча билиминин негиздери түптөлөт, дене түзүлүшү бекемделип, көркөм дүйнөгө болгон мамилеси тереңдейт. Эгерде бул куракта аталган сапаттар калыптанбай калса, бала үчүн окууну андан ары улантуу кыйынга турат, ал баланын бүтүндөй өмүрүнө таасир этери белгилүү.

Белгилей кетчү бир жагдай, башталгыч билим берүүгө өзгөчө мамиле кылган өлкөлөр мыкты өнүгүп жатканы баарыбызга маалым.

Айрым мамлекеттердин башталгыч билим берүү курагын жана анын узактыгын салыштырып карап көрөлү:

**Башталгыч билим берүү курагы жана анын узактыгы**

| Курагы | Швецария | Англия | США | Кытай | Япония | Түштүк Корея | Франция | Германия | Россия | Кыргызстан |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4-5 | | | | | | | | | | |
| 5-6 | | | | | | | | | | |
| 6-7 | | | | | | | | | | |
| 7-8 | | | | | | | | | | |
| 8-9 | | | | | | | | | | |
| 9-10 | | | | | | | | | | |
| 10-11 | | | | | | | | | | |
| 11-12 | | | | | | | | *Эск-үү* | | |
| **Жалпы** | **6** | **6** | **6** | **6** | **6** | **6** | **5** | **4** | **4** | **4** |

Материал алынды[1].

*Эскертүү*: Германиянын Берлин жана Бранденбург шаарларында 6 жылдык башталгыч билим берүү.

Англияда башталгыч мектепти бүткөндөн кийин атайын экзамен тапшырышат.

Францияда бул система дээрлик 1890-жылдан бери сакталып келет.

Мындан көрүнүп тургандай, биз салыштырган 8 мамлекеттин ичинен 4үндө 6 жылдык башталгыч билим берүү жана алар учурдагы мыкты өнүгүп жаткан өлкөлөр. Алар башталгыч билим берүү мөөнөтүнүн узактыгы менен гана айырмаланбастан, окутуп-тарбиялоого коюлган принциптери, ички мазмуну, түзүлгөн шарты боюнча да кескин айырмаланат.

Ошол эле учурда мезгилдин өтүшү менен бардык мамлекеттерде башталгыч билим берүүнүн мазмуну өзгөрүүдө. Анткени, учурдагы башталгыч класстардагы балдарды мындан 10-20 жыл мурдагы ушул курактагылар менен салыштырууга болбойт. Техникалык каражаттардын, технологиянын ылдам өсүп жатканына байланыштуу балдардын түшүнүгү, аң сезими, турмушка болгон көз карашы да өсүп-өзгөрүүдө.

Экинчиден, балдар мурдагыга караганда мектепке бир топ даяр болуп келүүдө.

Үчүнчүдөн, коомчулукта мектепке чейинки окутуу-тарбиялоо процессине зор маани берилип, бул багытта бир топ алгылыктуу иштер жасалууда.

Төртүнчүдөн, атайын мектепке даярдоо программасы даярдалып, анын негизинде даярдоо процесси ишке ашууда.

1. [1]http://www.gradstudyabroad.ru/education-level/schooling-abroad;

**2. Республикада башталгыч билим берүү жаатында болуп жаткан жаңылыктар жана алгылыктуу иштер**

Учурда республикабызда башталгыч билим берүү жаатында бир топ алгылыктуу иштер аткарылууда. Алсак:

Билим берүүнүн мазмуну билимдик багыттан (парадигмадан) компетенттүүлүк багытка өзгөрүүдө. Бул багытта жаңы стандарттар иштелип чыкты.

Башталгыч билим берүү боюнча жаңы муундагы бир топ окуу китептери даярдалды. Мурдагыдан айырмаланып, бул окуу китептери негизинен окуу-усулдук комплект түрүндө даярдалууда.

Жаңы даярдалган окуу китептерин республикалык деңгээлде сынактан өткөрүү маселеси колго алынууда.

Бул китептер 3 тилге - республикадагы окутуу тилдерине (орус, өзбек, тажик) которулуп, билим берүүдө бирдиктүү саясатка умтулуу болууда.

Мугалимдердин адистигин жогорулатуу курстары республика боюнча бирдей программа менен ишке ашууда.

Башталгыч класстагы мугалимдердин адистигин жогорулатуу жаатында долбоорлор тарабынан бараандуу иштер жасалууда:

маселен, «Окутууну жакшыртуу үчүн баалоо (класс ичинде баалоо)» (Дүйнөлүк Банктын долбоору, READ) долбоорунун алкагында республиканын бардык аймагында 2 жолу 3 күндүк, жалпы 6 күндүк тренингдер өткөрүлдү.

Эл аралык өнүктүрүү боюнча Америка агенттигинин (USAID) «Сапаттуу билим» долбоорунун алкагында башталгыч класстардагы бир топ предметтер боюнча компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган окуп-үйрөнүүдөгү күтүлүүчү натыйжалар иштелип чыгып, басылып чыкты.

USAID «Бирге окуйбуз» долбоору башталгыч класстардагы окуу боюнча минималдык талаптарды (стандартты), мугалимдер үчүн тренингдик материалдарды иштеп чыгып, жер-жерлерде окутууларды өткөрүүдө.

Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) долбоору «Башталгыч мектепте окутуунун активдүү формалары» боюнча жер-жерлерде башталгыч класстардын мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин бир топ арттырды.

«Таалим форум» коомдук фонду башталгыч класстардын балдарына кошумча колдонуу үчүн улуттук өзгөчөлүктөр эске алынган интерактивдүү электрондук видео материалдарды/сабактарды иштеп чыкты.

Балдарды мектепке даярдоо боюнча 240 сааттык программа иштелип чыгып, республика боюнча даярдоо иштери аткарылууда. Бул багытта 480 сааттык программа иштелип чыкты.

**3. Башталгыч билим берүүдөгү көйгөйлөр**

Учурда башталгыч билим берүүдө бир топ орчундуу көйгөйлөр орун алган, алсак:

Өлкөбүздөгү бирдиктүү билим берүү саясатынын толук кандуу ишке ашпай жатышы, мисалы, орус тилинде окуган мектептер окуу-усулдук материалдар менен камсыз болбой, Россиянын окуу китептерин, окуу куралдарын колдонушууда.

Окуу жүктөмүнүн оордугу, б.а. окуу планында окуу предметтеринин ашыкча көбөйүп кетиши чоң көйгөйдү жаратууда. Жумасына бир сааттан окуу предметтерин киргизе берүү билим берүүнү алдыга эмес, артка сүйрөй турган көрүнүш. Бир саат деген сөз көркөмдөп айтканда, «бир» деген баа. Бул баа бизде көп болууда. Натыйжада айрым материалдар, эки, үч предметте кайталанган учурлар бар.

Базистик окуу планын карап көрсөк:

**Башталгыч билим берүү боюнча базистик окуу планы**

| | Билим берүү чөйрөсү | Окуу предметинин аталышы | Базистик вариант | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 |
| **Мамлекеттик компонент** | **Тилдик** | Кыргыз тил | 6 | 7 | 7 | 7 |
| | | Орус тил | 3 | 3 | 3 | 3 |
| | | Чет тил | | | 2 | 2 |
| | **Математикалык** | Математика | 4 | 5 | 5 | 6 |
| | **Табигый-илимий** | Мекен таануу | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | **Чеберчилик** | Музыка | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | | Көркөм өнөр | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | **Социалдык** | Адеп | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | **Ден соолук маданияты** | Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | **Жумалык окуу жүктөмү** | | **20** | **22** | **24** | **25** |
| | **Жылдык окуу жүктөмү** | | **660** | **748** | **816** | **850** |

Жалпы 10 окуу предмети бар, андан сырткары эне тилдин (кыргыз тил) ичинде кыргыз тил, адабий окуу, класстан тышкаркы окуу предметтери бар.

**Окуу предметтеринин саны жана окуу жүктөмү**

| Өлкөлөр | Окуу предметтеринин саны | Окуу жүктөмү |
|---|---|---|
| Россия | 18 | 187 |
| Украина | 17 | 194 |
| Белоруссия | 21 | 230 |
| Молдова | 19 | 183 |
| Эстония | 17 | 223 |
| Казакстан | 20 | 223 |
| **Кыргызстан** | **26** | **238/297** |

Материал алынды[2].

Мектепке чейинки окутуп-тарбиялоо менен башталгыч билим берүүнүн ортосундагы ырааттуулук жакшы сакталбай келет. Бул багыттагы изилдөө иши да өтө солгун болууда.

[2] Иптаров С.И. Образ школьного образования. // КББАнын кабарлары, №2 (30), -Бишкек, 2014, 192-205-б.;

Ошол эле учурда башталгыч класстар менен ортоңку класстардын ортосундагы ырааттуулук да көпчүлүк учурда жакшы сакталбай келет. Бул көп учурда башталгыч класстардын мугалимдери менен ортоңку класстардын ортосунда карама-каршылыкты жаратып жатат.

Мектепке даярдоо менен башталгыч билим берүүнүн ортосунда да көйгөй бар. Анткени мектепке даярдоо боюнча материалдар ортодогу ырааттуулукту эске албай даярдалгандыктан, Билим, илим министрлиги алардын айрымдарына тыюу салып, бирок өзүм билемдик менен жер-жерлерде алар колдонулуп келүүдө.

Мугалимдерди даярдоонун жүрүшүндө да көйгөй көп болууда, анткени жогорку окуу жайын бүтүрүп барган жаш мугалимдер ишти алып кетүүдө зор кыйынчылыктарга туш болушууда жана аларды усулдук колдоо системасын толук натыйжалуу деп айта албайбыз.

Ошол эле учурда жыл сайын бир топ студенттер бүтүп жатканына карабастан, жер-жерлерде башталгыч класстардын мугалимдери жетишпей жатат, бүтүрүүчүлөрдүн бир тобу мектепке барып иштегенден качышат. Натыйжада мугалимдер жетишпей, башка адистиктеги мугалимдер иштеп жаткан учурлар көп кездешет. Ал тургай, мугалимдик кесипти эмес, инженерликти, дарыгерликти ж.б. бүткөндөр иштешип, алардын кесиптик чеберчилигин көтөрүүдө да көйгөйлөр жаралууда.

Мугалимдердин билимин өркүндөтүп жаткан адистердин өздөрүнүн адистигин жогорулатуу маселеси жолго коюлган эмес. Айрым жерлердеги мугалимдердин чеберчилигин өстүрүү адистеринин дарамети чабал.

Мугалимдердин билимин өркүндөтүүнүн аралыктан (дистанттык) окутуу жолу, вебинар сыяктуу дароо түз байланышуу ыкмалары ишке ашпай жатат.

Мугалимдерди кесиптик жана социалдык жактан колдоонун, кызыктыруунун абалы абдан начар.

Жаңы окуу китептерин даярдоо процессинде да көптөгөн кемчиликтер орун алууда, алсак:

жаңы окуу китебине конкурс басмалар ортосунда болуп, басмалар окуу китебинин өзгөчөлүктөрүн билбегендиктен, сапаты начар жана окуу процессине ылайык келбеген кол жазмалар да даярдалууда жана окуу китебинин сапаты эмес, кээде анын басылып чыгуу баасынын арзандыгы чоң роль ойноп кеткен учурлар болууда;

экинчиден, кол жазмаларды даярдоо учурунда басмалар авторлорду кыска мөөнөттүү жумушка ала коюп, кийин автордук укукту толугу менен ээлеп алып, авторлордун укугу бузулууда;

үчүнчүдөн, окуу китептерин чыгаруу процесси жемкорлукка аралашып калууда, анын айынан окуу китептеринин нускасы ошол класста окуган балдардын санынан бир нече миңге көп басылып чыкса да, жер-жерлерде окуу китептери жетишпейт;

андан сырткары, окуу китептер каталар менен басылууда;

Окуу китептери гана эмес, мугалимдер үчүн усулдук колдонмолор, окуучулардын ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын, өз алдынчалуулугун, ой чабытын өстүрүүчү, кызыкчылыгын арттыруучу материалдар да жетишсиз болууда.

Мугалимдердин алдыңкы тажрыйбасын жайылтуу маселеси учурда республикалык деңгээлде да, жер-жерлерде да солгун жүрүүдө. Тажрыйбасы мыкты мугалимдерди колдоо жолго коюлган эмес.

Билим берүү саясатына эл аралык донорлордун долбоорлорунун таасири күч болууда, ал тургай, «Билим берүүнү өнүктүрүү стартегиясында» да анын бир бөлүгү донорлордун эсебинен долбоорлор аркылуу ишке ашырылары жазылган. Бул алдыдагы пландарды, жасалуучу иштерди, чечилүүчү маселелерди республикадагы билим берүүнүн стартегиялык саясаты аныктабастан, анын ордуна долбоорлордун басым жасоосуна алып келүүдө.

Долбоорлор ичинде бири-бирин кайталоолор (мисалы, баалоо, окуу маселелери ж.б.) орун алып, бир эле донор башка тармакта жакшы төлөп, билим берүүгө келгенде өтө эле аз төлөшү – логика менен түшүндүрүп бере албай турган маселе. Ошондой эле долбоорлор ортосунда өз ишмердиктерин координациялоо маселеси жакшы жолго коюлбай келет. Бул багытта USAID «Бирге окуйбуз» долбоору аракет жасап жатат, бирок азырынча толук кандуу ишке аша элек.

**4. Абалды жакшыртуу боюнча сунуштар**

Абалды жакшыртуу жаатында төмөнкүдөй бир нече сунуштарды берүүгө болот, алар жогоруда аталган көйгөй маселелерден улам келип чыгат:

Өлкөбүздө бирдиктүү билим берүү саясаты болуп, айрым фонддор Россиядан окуу китептерин ташуу менен эмес, республикада жаралган окуу китептерин, окуу материалдарын орус тилине которуу, ыңгайлаштыруу менен алектениши абзел, бул багытта өзбек борборлорунун жакшы тажрыйбасы бар.

Окуу планындагы 1 сааттан болгон окуу предметтерин ылайыгына карап бириктирүү зарыл, алар: Мекен таануу, музыка, көркөм өнөр, адеп, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери. Ошол эле учурда окуу жүктөмүн азайтуу багытында иш жүргүзүү керек.

Мектепке чейинки окутуп-тарбиялоо менен башталгыч мектептин ортосундагы ырааттуулукту камсыз кылуу үчүн кадр даярдоодо мектепке чейинки тарбиячы менен башталгыч класстардын мугалими адистигин бириктирүү зарыл. Бул адис бала бакчада да, башталгыч класстарда да иштей ала турган болушу керек. Учурда бала бакчаларда да кадр маселеси абдан курч турат.

Башталгыч класстар менен ортоңку класстардын ортосундагы ырааттуулукту камсыз кылуу үчүн башталгыч класстын мугалимин 5-6-класстарда класс жетекчи кылып калтыруу абзел. Анткени ортоңку класстардагы мугалимдер көпчүлүк учурда баланын мүнөзүн, өзгөчөлүктөрүн биле беришпейт. Бул маселе жумасына бир сааттан болгон сабактарда андан бетер күчөйт.

Мектепке даярдоо процесси 480 сааттык программага өткөндөн кийин да көйгөйлөр жаралат. Мындай болгон учурда, 1-класстын окуу программаларына, окуу материалдарына өзгөртүү киргизүү зарылдыгы келип чыгат. Анткени 480 сааттык программа менен бала бир жыл бою – сентябрдан баштап кийинки жылдын майын кошо окуйт. Экинчиден, мектепке даярдоо программасынын негизинде окуу материалдарына өзүнчө конкурс өткөрүү керек болот.

Жогоруда белгилегендей, башталгыч класстардын мугалимдерин жана бакча тарбиячыларын даярдоону бириктирүү менен, даярдоонун сапатын жакшыртуу, анын практикалык багытын күчөтүп, окуу жайын аяктагандан кийин бүтүрүүчү дароо иштеп кете ала тургандай болушу шарт. Аны үчүн окуу жайынын базалык бакчалары, мектептери болуп, студент узак мөөнөттүү тиешелүү практикалык саатты ошол жерден өтүшү керек жана бюджеттин эсебинен окуган бүтүрүүчүлөр 3 жыл бөлүнгөн жагында иштеши шарт. Аларды жер-жерде кармап калыш үчүн атайын социалдык жана кесиптик коргоо программасынын болушу, алардын айлыгын олуттуу түрдө көтөрүү жана айлыгы ишинин сапаты менен байланыштуу болушу зарыл.

Мугалимдердин билимин өркүндөтүп жаткан адистердин өздөрүнүн адистигин жогорулатуу маселеси колго алынып, бул багыттагы тажрыйба алмашуу системалуу аткарылышы, мугалимдердин (аларды окуткан адистердин) билимин аралыктан (дистанттык) жогорулатуу боюнча атайын программа болушу керек.

Жаңы окуу китептерин даярдоодо конкурсту басмалар ортосунда эмес, авторлор ортосунда өткөрүп, кол жазма тандалып алынгандан кийин басмаканалар ортосунда тендер өткөрүүгө болот. Мындай конкурсту буга чейин министрлик да, «Кыргызстан-Сорос» фонду да өткөрүп келген жана ал конкурстар жакшы жагы менен өзгөчөлөнгөн.

Экинчиден, атаандаш окуу китептери туралуу көптөн бери айтылганы менен, алар ишке ашпай келет. Бул багытта электрондук окуулуктарды даярдоону да колго алуу зарыл.

Үчүнчүдөн, окуу китептерин даярдоо, басып чыгаруу жаатында талкууларды, илимий иш-чараларды системалуу уюштуруп туруу зарыл.

Төртүнчүдөн, окуу китептерин ижарага берүүнү жандандыруу зарылчылыгы келип чыгууда. Бул кошумча каражат менен бирге, окуу китептерин эсепке алганга жардам берип, окуулуктарды басып чыгаруудагы жемкорлукту азайтууга аз да болсо салымын кошмок.

Окуучулардын ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын, өз алдынчалуулугун, ой чабытын өстүрүүчү, кызыкчылыгын арттыруучу материалдарды басып чыгарууну колго алып, бул багытта атайын конкурстарды өткөрүү жана аларды басма сөз аркылуу жалпыга жарыялоо зарылчылыгы турат.

Мугалимдердин алдыңкы тажрыйбасын жайылтуу маселеси колго алынып, аларды колдоо системасы болушу абзел.

Республикада билим берүү саясаты, стратегиясы эл аралык донорлордун эсебинен эмес, өз алдынча түзүлүп, ал эми донорлор ошол саясатка, стратегияга ыңгайлашуусу жана алар аткарып жаткан иштерин системалуу талкуулап турган атайын аянтча болушу шарт.

**Корутунду**

Башталгыч билим берүүнүн коомдогу орду, мааниси жана анын мазмунунун өзгөрүшү, республикада башталгыч билим берүү жаатында болуп жаткан жаңылыктар, алгылыктуу иштер жана башталгыч билим берүүдөгү көйгөйлөр тууралуу сөз болуп, бул багытта абалды жакшыртуу боюнча сунуштар берилди. Бирок, бир макаланын алкагында аталган маселелерди толук талкуулап жиберүү мүмкүн эмес. Бул багытта көйгөйлөр абдан эле көп. Макаланын негизинде кызыкдар адистер үн кошуп, макалада айтылган ойлор дагы өркүндөтүлөт деп ишенебиз. Анткени башталгыч билим берүү маселеси учурда курч гана коюлбастан, ал мамлекеттүүлүгүбүзгө да түздөн түз таасир этет.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамы, 2003;
2. «2014-жылды Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы деп жарыялоо жөнүндө» КР Президентинин жарлыгы, №17, 29.01.2014;
3. «2014-жылды Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы деп жарыялоо жөнүндө» КР

Президентинин жарлыгын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө» КР Өкмөтүнүн токтому, №177, 24.03.2014;
4. «Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2012-2020-жылдарга карата өнүктүрүү стратегиясы», КР Өкмөтүнүн №201, 23.03.2012 токтому;
5. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн Базистик окуу планы, «Кутбилим», 21.08.13;
6. Иптаров С.И. Образ школьного образования // КББАнын кабарлары, №2 (30), -Бишкек, 2014;
7. Интернет булактары:

«Уровни обучения за рубежом: школа, колледж, BA, MA, PhD, MBA, PostDoc», http://www.gradstudyabroad.ru/education-level/schooling-abroad;

«Начальная школа за рубежом», http://www.education-medelle.com;

«Образовательная система Южной Кореи», http://ruliene.bsu.ru/wp-content/uploads/SudKorey.pdf ж.б.